DOI:10.26104/IVK.2023.45.557

ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ КЫРГЫЗСТАНА, №4, 2023

*Худайбергенова Н.С., Имашева Г.А.*

# ПЕДАГОГИКАЛЫК ИШМЕРДҮҮЛҮКТӨ МОТИВАЦИЯНЫН ТААСИРИ

*Худайбергенова Н.С., Имашева Г.А.*

# ВЛИЯНИЕ МОТИВАЦИИ В ПЕДАГОГИЧЕСКОЙ ДЕЯТЕЛЬНОСТИ

*N. Khudaibergenova, G. Imasheva*

# INFLUENCE OF MOTIVATION IN PEDAGOGICAL ACTIVITY

*УДК: 37.047 (575.2) (04)*

*Студенттик мезгил – бул жаштардын интенсивдүү интеллектуалдык өнүгүүсү жүрүп, келечектеги жашоого болгон көз караштары калыптанган убак болуп эсептелет. Дал ушул учурларда жогорку окуу жайларында студенттерге окууга болгон мотивацияны, зарыл шарттарды түзүү зарылдыгы пайда болот. Студенттин жакшы жумушка орношуусу жана ийгиликтүү карьера куруусу анын жетиштүү билим алуусунан көз каранды. Ошондуктан окутуучу студенттин өз күчүнө жана ийгилигине болгон ишенимин ар дайым колдоп мотивация берүүсү керек. Анткени, кесипке багыт алып окуунун алгачкы этаптарында студенттер көп учурда кыйынчылыктарга кезигип, өздөрүн алсыз сезип, окуудан баш тартууну каалашат. Андыктан окуу процессиндеги мотивация студенттердин сабактын өзүнө жана окуу-таануу иш-аракеттерине активдүүлүгүн жана кызыгуусун жаратуучу факторго айланат. Бул макалада студенттердин кесипке багыт алып окуусунда мотивациянын орду, таасири, окутуучу менен студенттин биргеликтеги аракеттери иликтелет.*

***Негизги сөздөр:*** *студент, мотив, окутуучу, мотивация, кесиптик мотивация, окутуу, тарбиялоо, максат, милдет, шарт, метод, окуу жай.*

*Студенческий период считается периодом интенсивного интеллектуального развития молодежи и формирования ее взглядов на дальнейшую жизнь. Именно в этих случаях высшим учебным заведениям необходимо создать необходимые условия и мотивацию для обучения студентов. Возможность студента получить хорошую работу и построить успешную карьеру зависит от его соответствующего образования. Поэтому педагог всегда должен поддерживать и мотивировать уверенность студента в собственных силах и успехе. На первых этапах профессиональной подготовки студенты часто сталкиваются с трудностями, чувствуют слабость и хотят бросить учебу. Поэтому мотивация в процессе обучения становится фактором, вызывающим активность и интерес учащихся к самому уроку и учебной деятельности. В статье рассматриваются место и влияние мотивации в профессиональной учебе студентов, а также совместные действия преподавателя и студента.*

***Ключевые слова:*** *студент, мотив, преподаватель, мотивация, профессиональная мотивация, обучение, воспитание, цель, задача, условие, метод, учебное заведение.*

*The student period is considered a period of intensive intellectual development of young people and the formation of their views on future life. It is in these cases that higher education institutions need to create the necessary conditions and motivation for student learning. A student's ability to get a good job and build a successful career depends on his relevant education. Therefore, the teacher must always support and motivate the student's confidence in their own strengths and success. During the first stages of professional training, students often encounter difficulties, feel weak and want to quit their studies. Therefore, motivation in the learning process becomes a factor that causes students' activity and interest in the lesson itself and learning activities. The article examines the place and influence of motivation in students' professional studies, as well as joint actions of teacher and student.*

***Key words:*** *student, motive, teacher, motivation, professional motivation, training, education, goal, task, condition, method, educational institution.*

Ааламдашуунун бүгүнкү мезгили келечектеги адиске стандарттуу эмес маселелерди чечүү жөндөмдүүлүгү жана альтернативалуу, оптималдуу чечимдерди табуу, түшүнүү алардын ишинин натыйжаларынын болушу сыяктуу талаптарды коюп жатат. Бул талаптарды аткаруу окуу жайлардын жалпы билим берүү процессинен, окутуучулардын натыйжалуу билим берүүсүнөн көз каранды. Жугумдуу билим берүүдө студенттин жеке өзгөчөлүктөрүн ачуу, өзүнө болгон ишенимин арттыруу, анын пикири менен окутуучунун эсептешүүсү мааниге ээ болууда. Ал эми окутуучуда жана студентте активдүүлүктүн негизги кыймылдаткыч күчү – бул мотивация. Ошондуктан билим берүү процессинде билим берүү жана кесиптик ишмердүүлүктүн мотивдери жөнүндө маселе актуалдуу десек жаңылышпайбыз. Мотивация мотивдерге негизделип, адамды белгиленген иш-аракеттерди жасоого түрткү берүүчү стимулдарды билдирет. Мотивдер эмоциялар менен умтулуулардын, кызыкчылыктардын жана муктаждыктардын, идеалдардын жана мамилелердин жыйынды-сы болушу мүмкүн. Ошондой эле мотивдер – бул тандоо жана чечим кабыл алуу, талдоо жана тандоону ишке ашырган татаал динамикалык системалар.

Мотивация сөзү латын тилинен алынып аракетте болуу, кыймылдоону түшүндүрүп, адамдын жалпы жашоосуна таасирин тийгизип, башкарып турган психофизиологиялык жараян. Ички мотивация адамдын өзүндө түзүлүп, ага өзүнө ишенгендик, максат кылган ишке умтулуучулук кирет. Ал эми тышкы мотивацияга карьера жасоо, материалдык жактан камсыз болууга мүмкүнчүлүктөрдүн болушу кирет. Бирок ички жана тышкы мотивация инсанга бирдиктүү стимул боло алат. Мотивация сөзүн билим алуу процессине пайдалана турган болсок бир катар тиешелүү аныктамалар келип чыгат. Мотивация – жалпы эле билим алуучуларды таанып-билүү иш-аракетине кызыктыруу, билим берүүнүн мазмунун активдүү өздөштүрүү процесстеринин, ыкмаларынын жана каражаттарынын жалпы аталышы.

"Мотивация" түшүнүгү көпчүлүк окумуштуу-

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



лардын көз караштарында айрым бир максаттарга жетишүүгө багыттуулукту мүнөздөгөн активдүүлүк катары түшүнүлот. Андыктан окуу мотивациясы окуу ишмердүүлүгүн аткарууга багытталган күч-аракетти күчөткөн, багыттаган жана колдогон процесс [1]. Мотивдер окуу процессинин жана материалды өздөштүрүүнүн кыймылдаткыч күчү болуп саналат. Мотив татаал, комплекстүү түзүлүштө болуп кеңири социалдык, тар социалдык, социалдык кызматташтык, окуп-таанып билүү, өзүнүн билимин өстүрүү сыяктуу деңгээлдери бар. Окуу процессинде студенттердин окууга болгон оң мотивдерин калыптандыруу окутуучунун эң башкы милдеттеринен болуп саналат. Өзүн туруктуу өнүгүүгө багыттап дайыма көптү билүүгө умтулуу, жакшы натыйжаларга жетишүүнү каалоо, кызматташууга, өз ара пикир алышууга андан мыкты жыйынтык чыгарууга жетишүүнү каалоо окууга болгон оң мотивдерге кирет.

Окуу процессиндеги мотивация – бул инсандык активдүүлүктү пайда кылган мотивациялар. Окуу иш-чараларына жана убакыттын өтүшү менен өнүгүп келе жаткан окуу материалынын мазмунуна кызыгууну дайыма сактоо процесси бир эле мезгилде окутуучу менен студенттин ортосунда журүүчү маанилүү аракет. Мында окутуучу студентке карата билим берүүдө жана аны бышыктоодо бекемдөө иш-аракетин туруктуу алып жүрүүсү керек. Студентке мактоо, ийгиликти багынткандыгы тууралуу чын дилден кубануу сыяктуу стимул бериши анын психологиясына, эмоционалдык абалына оң таасирин берет. Ошондой эле “окуу мотивациясы» деген сөз айкашы адамдын ичиндеги кыймылдаткыч энергияны камтыйт жана ал чечим кабыл алууда пассивдүү роль ойногон жагдайларда адамды активдүү иш-аракет абалына алып барат. Окууга болгон мотивация бир эле мезгилдерде эмоцияларга да, эмоционалдык абалга да байланыштуу. Эмоциялар акырында кандайдыр бир иш-аракетке болгон каалоону жана иш-аракеттин ички кыймыл-даткычын козгойт. Мотивдер, анын ичинде аракет механизми эмоциянын таасири астында пайда болуп, окуу процессинин жана материалдарды өздөштүрүүнүн кыймылдаткыч күчү болуп саналат. Окуу мотивациясы – бул адамдын, тагыраагы студенттин өзүнчө окуу предметине дегеле бүткүл билим берүү процессине болгон мамилесин өзгөртүүнүн кыйла татаал процесси. Ошондуктан да жогорку окуу жайлардын студенттерин мотивациялоо – алардын окуу процессин жакшыртуунун эн эффективдүү жолдорунун бири. Окууга болгон мотивация – бул адамдын өзүнчө окуу предметине да, бүтүндөй билим берүү процессине болгон мамилесин өзгөртүүнүн кыйла татаал жана эки жактуу процесси [2]. А кесиптик билим алууга мотивацияны жогорулатуунун негизги милдети – студенттин ички потенциалын ачууга багытталган окуу процессин уюштуруу жана анын кесиптик өнүгүүсү үчүн эң жагымдуу шарттарды түзүү. Студентке окуу процессин уюштуруу формалары, окуу предметинин өзгөчөлүгү, колдонулган методдор жана технологиялар, окутуучунун жеке сапаттары, анын окутуу стили, мамилеси, жүрүм-туруму терең таасир этет [3]. Билим алууга шарттарды түзүү Кыргызстанда мыйзамдык актыларда даан көрсөтүлгөн. тактаганда Кыргыз Республикасынын Билим берүү жөнүндөгү Мыйзамынын (2023-жылдын 11-августунда кабыл алынган №179 Мыйзам) “Билим алуучуларды социалдык жактан колдоо жана коргоо” тууралуу 41-беренесинде билим алуучуларды мамлекет колдоору, аныкталган тартипте “Мамлекет билим алуучуларды билим берүү процессине тартуу боюнча социалдык жактан колдоо жана коргоо саясатын жүргүзөт жана билим алуучуларга Министрлер Кабинети тарабынан аныкталган тартипте окуу имараттарын, жабдууларды, окуу китептерин, медициналык тейлөөнү жана ден соолугун чыңдоону берүү менен, окутуу үчүн шарттарды түзөт” деп белгиленген [4].

Андыктан жогорку окуу жайларынын окутуучулары студенттердин кесиптик мотивациясын калыптандырууга маани берүүсү кажет. Окутуучу кесиптик мотивацияны өзүн жана башка адамдарды кесиптик ишмердүүлүккө стимулдаштыруу процесси катары кароого болот. Кесиптик иш-аракетке мотивация - инсандын кесиптик өзүн-өзү аныктоосуна жана кесипке байланыштуу иш-аракеттерди аткаруунун өндүрүмдүүлүгүнө таасир этүүчү конкреттүү мотивдердин аракети. Кесиптик мотивация төмөнкүлөрдү аныктайт: кесиптик жолду тандоо, кесиптик ишмердүүлүктүн натыйжалуулугу, эмгек ишмердүүлүгүнө жана кесиптин натыйжаларына канааттануу, студенттин кесиптик даярдыгынын ийгилиги. Мотивациянын калыптанышы индивидуалдык таасирге ээ. Мотивациянын натыйжаларынын маанилүү көрсөткүчтөрүнүн бири – бул студенттин окуу иш-чараларына кошулуу ылдамдыгы, ага болгон кызыгуунун туруктуулугу жана билим берүү маселелерин чечүүдө туруктуулугу. Бул жерде мотивациялык педагогикалык технологиялар студенттин көпкө чейин “бир ордунда эле көнүп калбастан” ишмердүүлүккө катышуусуна шарт түзүшү керек.

Кыргызстанда билим берүү тармагында окутуу, тарбиялоо процессин дүйнөлүк билим берүүнүн талаптарына жооп бере ала турган деңгээлде жүргүзүү аракеттери күчөтүлгөн ушул учурларда окутуунун кыймылдаткыч күчтөрү катарында окуу мотивдерине көңүл бурулууда. Окуу мотивдери (окуу мотивациялары) – билим алуучуларды таанып-билүүгө, ишмердүүлүктөргө түрткү берүүчү процесстер, методдор, каражаттар, эмоциялар жана идеялар өз ара карым-катышта болуп мотивдин ролун аткарышат [5].

Адамдын ишмердүүлүгүнүн түрдүү чөйрөлө-

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



рүндө болуп жаткан учурдагы өзгөрүүлөр кесиптик билим берүүнү уюштурууга жана сапатына улам жаңы талаптарды коюп жатат. Кесиптик окуу жайдын заманбап бүтүрүүчүсү атайын билимге, көндүмгө гана ээ болбостон, жетишкендикке жана ийгиликке муктаждыкты сезиши керек. Профессионалдык окуу жайларынын студенттеринде билимди топтоого, өз алдынча ишмердүүлүккө жана үзгүлтүксүз өз алдынча билим алууга кызыгууну калыптандыруу зарыл. Бул максаттарга жетүү үчүн студенттерди окууга болгон түрткү болушу керек. Кесиптик ишмердүүлүккө карата мотивация – бул адамды келечектеги кесиптик ишмердүүлүккө шыктандыруучу жана багыттоочу жана бул ишмердүүлүккө багыт берүүчү жана кесиптик максаттарга жетүү үчүн багытталган ички жана тышкы факторлордун жыйындысы. Демек, кесиптик иш-аракеттин мотивдери келечектеги кесиптик ишмердүүлүктүн натыйжалуулугу жана натыйжалуулугу үчүн өбөлгөлөрдү түзөт. Албетте ал жогоруда белгиленгендей адамдын жүрүм-турумунда жана иш-аракетинде, анын ичинде келечектеги адисти калыптандыруу процессинде негизги кыймылдаткыч күч болуп саналган мотивация. Чындыгында студенттердин билим берүү жана кесиптик ишмердүүлүгүнө түрткү берүүчү мотивдер маселеси өзгөчө маанилүү болуп калат. Студенттин келечектеги кесибин тандоосу менен чектелип калбастан, анда иш-аракеттин мотивдеринин туруктуу системасын максаттуу түрдө калыптандыруу аркылуу гана келечектеги адиске кесиптик адаптациялоо жана кесиптик өнүгүүсүнө жардам берүүгө болот. Келечектеги кесипти тандоо мотивдерин кылдат изилдөө окуу мотивдерин жөнгө салууга жана студенттердин кесиптик өсүүсүнө, таасир этүүгө мүмкүндүк берет. Окуу процессинин эффективдүүлүгү мотивациянын канчалык жогору экендигине жана келечектеги кесипти өздөштүрүүгө стимулдун канчалык жогору экендигине түздөн-түз байланыштуу.

Адамдын мотивациясынын чыныгы булагы өзүнүн ичинде болгондуктан, ал өзү бир нерсе кылгысы келип, ошону жасашы керек. Демек, окутуунун дагы бир негизги мотиви ички түрткү берүүчү күч болуп саналат. Андыктан студент бул иш ал үчүн кызыктуу жана жагымдуу болгондо гана каалайт жана өз алдынча окуйт. Ага когнитивдик активдүүлүк үчүн мотивдер керек. Мындан сырткары студентте кесипке багыт алууда окуудан ырахат алуу, катылган жөндөмдөрүн жана таланттарын ачуу сыяктуу эстетикалык мотивдер, окуу же коомдук ишмердүүлүк аркылуу коомдо өз ордун табууга, башкаларга тааны-лууга, белгилүү бир позицияны ээлөөгө умтулууну көрсөткөн статустук-позициялык жана коммуникативдик мотивдер калыптандырылышы керек. Ал үчүн тарбиялык иштердин да жүрүшүн активдештирүү маселеси келип чыгат. Биздин пикирибизде ошол эле окуу жайда өткөрүлгөн интеллектуалдык, маданий иш-чаралар (конференциялар, диспуттар, тегерек столдор, КВНдер ж.б.), окуу-таанышуу, өндүрүштүк, квалификациялык практикалар, семинарлар аталган мотивдердин студенттерде калыптанышына жардам берет.

Окутуучулар сабактарды өткөрүүнүн заманбап формаларын жана технологияларын өздөштүрүүлөрү зарыл. Анткени моюнга алуу керек айрым учурларда лекциялар монотондуу, кызыксыз, фактыларды кургак баяндоо менен чектелген абалда өтүлөт. Андыктан кызыктуу, диалог формасындагы жандуу аңгемелешүүлөрдү адатта болуп келген сабактарга киргизүү бир топ эле жандануунү, эркин ой жүгүртүүнү кесипке керектүү көндүмдөрдү жана жөндөмдөрдү алууга көмөк көрсөтүлөт. Берилген кырдаалда эң ылайыктуу болгон окутуунун технологиясын так тандай билүү, эң негизгиси студенттер менен иштөөдө аны ишке ашыруунун жогорку эффективдүүлүгүн камсыз кылуу керек. Бул студенттерге келечектеги кесибинин чөйрөсүндө өзүн табууга мүмкүндүк берет. Мындай комплекстүү иш-чаралар окуунун натыйжаларына кызыгууну, демилгени, чыгармачылыкты жана ийгиликти көрсөтөт. Ал үчүн студентти окууга бир эле эмес ар кандай сапаттагы бир топ мотивдер түрткү берет. Окумуштуулар аны окуу иш-аракетиндеги мотивдердин көп түрдүүлүгү бири-бири менен өз ара байланышкан үч тобун көрсөтүшөт. Тактаганда, инсандын оң жана терс эмоционалдык реакцияларына негизделген түздөн-түз түрткү берүүчү, перспективдүү, интеллектуалдык түрткү берүүчү мотивдер [6, 189-б.].

Билим берүү процессинде студенттердин активдүүлүгүн жана жогорку мотивациясын жогорулатууга көмөктөшүүчү активдүү жана интерактивдүү ыкмаларды, мисалы, долбоордук метод, кейс тапшырмалары, мээ чабуулу, дебаттар, тегерек столдор, ролдук жана бизнес оюндары, көйгөйлүү лекциялар жана семинарлар, конференциялар, тренингдер, кейс-стадилер, интервьюлар, талкуулар ж.б. колдонуусу студенттердин коммуникативдик, уюштуруучулук жана чыгармачыл жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүүгө, маселени чечүүдө өз алдынча мамиле табууга, өз алдынча иштөө көндүмдөрүн жана өз алдынча ой жүгүртүүсүн өнүктүрүүгө өбөлгө түзөт. Студенттер ойлонууга, баалоого, чечим кабыл алууга жана жоопкерчиликти алууга жана тынымсыз өзгөрүп турган чөйрөдө иштөөгө үйрөнүшөт. Өзгөчө жаңы билимге болгон мотивацияны жогорулатуу үчүн өз ара диалог түзүү менен студенттин ички потенциалын ачууга алып баруучу ишенимдүү кызматташуу атмосферасын түзүү маанилүү. Студент окутуучудан жардам сурап, көйгөйлөрдү талкуулап, талашып-тартышып, жактыруусуна ээ болгон, биргелешкен чыгармачылык иштерди жүргүзө турган насаатчы катары көрүү

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



маанилүү. Окумуштулар окутуучу мотивациянын эффективдүү формасын билим алуучунун өзүнө болгон ишенимин бекемдөө үчүн колдонушу керектиги тууралуу баса белгилешет. Педагогика илиминде студенттердин окууга болгон мотивациясын жогорулатуунун бир нече ыкмалары бар. Алардын айрымдарын санап көрөлү:

- IT технологияларды активдүү колдонуу интернет форумдар, онлайн курстар ж.б.);
- реалдуу турмуштук кырдаалдарды стимуляциялоо окуу процессинде (ролдук оюндар);
- жагымдуу психологиялык шарттарды түзүү (жеке өнүгүү үчүн климат);
- студенттер үчүн рейтингдик системаны жана алардын ийгиликтерин жарыялоо системасын киргизүү;
- өзүн-өзү ишке ашыруу мүмкүнчүлүгүн кеңейтүү жана студенттер үчүн жеке окуу жолун киргизүү.

Окуу-тарбия процессин мындай уюштуруу менен окутуучу студенттин билим алууда жана өнүктүрүүдө ишенимдүү өнөктөшү болууга тийиш [7].

Мотивация түшүнүгү психология илиминде да өзгөчө каралат. Мында биринчи кезекте эң татаал жагдайлар туулган учурда да эмоционалдык туруктуулукту сактоо жөндөмү студенттен да мурда окутуучуга коюлуучу эң маанилүү кесиптик талап болуп саналат.

Ошентип, студенттик мезгил жаш адамга өзүнүн жашоо жолун тандоонун эң маанилүү маселелерин түшүнүүгө убакыт берип, анын өнүгүшүнө дем берип, ошону менен кийинки турмуштук кризистердин оорчулугун жеңип өтүүгө даярдык көргөн мезгил. Ага байланыштуу жогоруда белгиленгендей студенттерди университетте окууга, келечектеги кесибине кызыктырууну комплекстүү түрдө жүргүзүү зарылдыгын көрсөтүп турат. Сабактын бардык түрүндө мотивацияны түзүүгө аракеттер жасалса келечектеги кесиптик ишмердүүлүк үчүн мамлекеттик билим берүү стандарттарында белгиленген предметтик билим берүү натыйжаларына жетишүү мүмкүн. Өнүккөн мотивация болмоюнча жигердүү таанып-билүүнүн ар кандай түрлөрүн өздөштүрүү жана ишке ашыруу, билим берүү изилдөөлөрүн, тышкы долбоордук иш-аракеттерди жана эң башкысы өзүн-өзү тарбиялоону, өзүн-өзү өнүктүрүүнү, окуу жөндөмүн калыптандыруу да мүмкүн эмес.

**Адабияттар:**


1. Рыспаева Ч.К. Башталгыч класстын окуучуларынын окуу мотивациясын калыптандыруунун педагогикалык шарттары. – Б., 2018. - 188 б.
2. Мормушева Н.В. Мотивация обучения студентов профессиональных учреждений / Текст: непосредственный // Педагогика: традиции и инновации: материалы IV Межд. науч. конф. (г.Челябинск, декабрь 2013 г.). - Т.10. – Челябинск: Два комсомольца, 2013. - С. 160-163 - URL: https: // moluch.ru/conf/ped/archive/98/4633/ (дата обр.: 21.10.2023).
3. Веремчук А.С. О мотивации студентов как необходимом условии повышения качества обучения. // Научное обозрение. Педагогические науки. - 2020. -№2. - С. 34-38. - URL: https://science-pedagogy.ru/ru/article/view?id=2284 (дата обращения: 21.10.2023).
4. Кыргыз Республикасынын “Билим берүү жөнүндө” Мыйзамы. 11.08.2023-ж. - Мыйзам №179.
5. Мурзаев М.С. Окутуунун психологиясы (окуу-методикалык колдонмо). - Ош, 2004. - 94 б.
6. Абдыкеримова М.А., Токсомбаева Э.Т., Кадырбекова Р.Т. Жалпы педагогика. / Окуу куралы. - Б., 2013. - 476 б.
7. Мельников В.Е. Мотивация к обучению студентов в вузе как психолого-педагогическая проблема. / Вестник Новгородского государственного университета. - №5(96). - 2016.